| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**БОЗ-УЧУК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БОЗ-УЧУКСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 1- сессиясы

# Токтом

2023-ж-26.01. №11 **Ново-Вознесеновка.а**

**Боз-Учук айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө ЖОБОну бекитүү жөнүндө**

Боз-Учук айыл аймагынын сыйлыктарын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндөгү" Мыйзамына, " Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү" Мыйзамына, Боз-Учук айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын Уставына ылайык Боз-Учук айыл аймагынын сыйлыктарынын түрүн, алардын укуктук статусун, ошондой эле сыйлыктарга көрсөтүүнүн жана сыйлоонун тартибин аныктап, Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковдун кайрылуусун угуп жана талкуулап Боз-Учук айылдык кенеши **Токтом кылат :**

1.Боз-Учук айыл аймагынын сыйлыктары болуп Ардак грамотасы, "Боз-Учук айыл аймагынын ардактуу атуулу" лентасы, "Кадырлуу эмгек каарманы" лентасы, "Эл сыймыгы" лентасы, "Ыраазычылык барагы" саналсын.

**2.** Боз-Учук айыл аймагынын сыйлыктарынын жобосу жактырылсын жана бекитилсин.

**3.** Жобо боюнча тийиштүү иш алып баруу Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.

4.Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Термечиков**